УДК 165.242.1:61

# МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ МЕДИЦИНАГА ТАЯНЫП ОКУТУУНУН МАСЕЛЕРЛЕРИ

***Акылбекова Алтынай Акылбековна***, И.К.Ахунбаев атындагы КММАнын кыргыз тили кафедрасынын окутуучусу, Кыргызстан, 720044, Бишкек шаары, Тыныстанов 2 а, e-mail: akylbekova170393@gmail.com

**Аннотация:** Учурда мамлекеттик тилдин өнүгүшү үчүн бир топ иш-аракеттер жүрүп жатат. Бирок, азыркы учурда замандаштарбыздын басымдуу бөлүгүндө мекенчилдик сезим аз болууда. Бул макалада эне тилибизди окутуудагы медининанын орду жана жаш курагына жараша тилди үйрөтүүнүн айрым бир маселелери, адам калыптанып жаткан мезгилде эне тилине болгон сүйүүсүн, жоопкерчилигин аң сезимге программалоону кантип жүргүзсөк болот?- деген суроолордун үстүндө талдоо жүргүзүлүп, илимге таянып тилди өнүктүрүү үчүн так сунуштар берилген.

**Ачкыч сөздөр:** аң сезим, импритинг, бешик ыры, манасчы, сайт, эстелик

# ПРОБЛЕМЫ ОБУЧЕНИЯ ГОСУДАРСТВЕННОМУ ЯЗЫКУ НА ОСНОВЕ МЕДИЦИНЫ

***Акылбекова Алтынай Акылбековна,*** Преподаватель кафедры кыргызского языка в КГМА им.И.К. Ахунбаева Кыргызстан, 720044, Бишкек, Тыныстанов 2 а, e-mail: akylbekova170393@gmail.com

**Аннотация:** В настоящее время ведется большая работа по развитию государственного языка однако в настоящее время у большинства наших современников наблюдается малые чувства патриотизма. В статье анализируется роль медицины в обучении родному языку и некоторые вопросы изучения языка в зависимости от возраста. Проведен анализ вопроса о том, как запрограммировать чувство ответственности и любовь к родному языку в период становления человека, и даны конкретные рекомендации по развитию языка на основе науки.

**Ключевые слова:** сознание, импринтинг, колыбельная, сказитель, сайт, памятник

## PROBLEMS OF STATE LANGUAGE TRAINING ON THE BASIS OF MEDICINE

***Akylbekova Altynai Akylbekovna,*** Teacher of the Kyrgyz language department at KSMA named after I.K.Akhunbaev Kyrgyzstan, 720044, Bishkek, Tynystanov 2 a, e-mail: akylbekova170393@gmail.com

***Abstract:*** Currently, a lot of work is being done to develop the state language, but at the present time, most of our contemporaries are less patriotic. The article analyzes the role of medicine in teaching the native language and some issues of learning the language depending on age. It analysis of the question of how to program a sense of responsibility and love for the native language during the formation of a person is carried out, and specific recommendations are given for the development of language based on science.

**Keywords:** consciousness, imprinting, lullaby, manaschy, site, monument,

«Медицина» дегенде эле адамдардын көбү ооруларды айыктыруу, алдын алуу деген калган. Дал ушул медицина адамдын аң сезимин өнүктүрүүдө адамдын түйүлдүктөн баштап калыптанганга чейин өтө маанилүү процессти камтып турат. Алгач инсандын калыптануусунун: түйүлдүктөгү жана түйүлдүктөн кийинки жашоо этаптарын талдап жана аны менен кошо улуттук баалуулуктарыбызды, тилди өнүктүрүү үчүн пайдалансак тилди өнүктүрүү алда канча эфективдүү болот. Адам баласынын түйүлдүктөн кийинки жашоо этаптарына токтолуп, ар бир этабында мекенге, тилге болгон сүйүүсүн программаласак болот. Адамдын калыптануу этабы төрөлгөндөн кийин 22 жашка чейин уланат[1]. Андан кийин адам топтолгон тажрыйбасына таянып чечимдерди кабыл ала баштайт. Ошол себептен аң сезимдин калыптануусундагы ар бир этап тил үйрөнүүдө, улуттук баалуулуктарды таанууда маанилүү рол ойнойт. Алардын ар бирине токтолсок:

**Ойгоо аң сезими** – 2-3-айдан баштап 8-10 айга чейин калыптанат. Балада тандоо, салыштыруу сезими пайда болот. Бала үндүн жагымдуулугун, көтөргөн колдун ыңгайлуулугун, эркелетүүнү тандайт. Ушул учурда тилди үйрөнүүнүн алгачкы процессин бешик ырынан баштасак болот. Ибн Синанын трактаттарында баланын туура өсүшү жана тарбия алышы үчүн эки нерсе керек дейт, анын бири –аста-секин терметип туруу, экинчиси, ошол терметүүгө кошуп музыка угузуу, демек бешик ырын ырдоо дейт[2]. Демек, бул учурда кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын анын ичинде бешик ыры, кыргыз жомокторунун балага тийгизген таасири зор. Бешик ырынын медициналык жактан пайдалуулугу бешик ырын угуп чоңойгон баланын угуусу, туюсу, сезүүсү жогору болот. Энелик инстинг өрчүйт. Эне менен баланын мамилеси бекем болот. Уйкусу бир калыпка келет. Баланын музыкага болгон сүйүүсү калыптанат[3]. Ошондой эле наристенин бакты-таалайлуу, элдин кызматына жараган жакшы адам болушу жөнүндөгү ой-тилек, акыл-насаат айтылып, балага берген бата жана бешик ырынын жаңы варианттары жана түрдүү обондордо аткарылышы, салттуу музыканын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

**Предметтик аң сезим -** 10 айдан баштап 3 жашка чейин калыптанат. Бул мезгил өтө маанилүү себеби, бала көп нерсеге үңүлүп, көнүл буруп, сүйлөгөнгө үйрөнөт. Бул учурда баланын көңүлүн бурдура тургандай кылып улуттук буюмдарыбызды оюнчуктар, үйдүн кооздугу үчүн пайдаланылган сувенирлер аркылуу таанытуу, көрсөтүү керек. Булар баланын тил

үйрөнүүсүнө чоң өбөлгө болот[4]. Ошол себептен бала-бакчаларда кыргыздын нукуралуулугун сактап, даңазалап турган оюнчуктардын санын көбөйтүү аларды элдин жашоо шартына жараша жайылтуу учурдун талабы. Жаш балдар ойноп жүргөн кадимки эле оюнчуктарды кийизден ж.б. нукура материалдардан жасалган оюнчуктарга алмаштырсак болчудай.

**Жекелик аң сезим** - 3 жаштан 6-7 жашка чейин калыптанат. Бул учурда балада «мен» деген түшүнүк пайда болот. Өзүн өзү таануу процесси башталат. Австралиялык зоолог ж-а зоопсихолог Конрад Лорецтин изилдөөсүн мисалга келтирсек. Жумуртканы жарып чыккандан кийин каздарда инпритинг 3 эле күнгө уланат. Ушул убакыттын ичинде жөжө энесин тааныйт. Болбосо ал баарынан качып жалгыз калат. Адамда бул процесс 5 жылга созулат[5]. Бул учурда тарыхын, тилин тааныттуу өтө маанилүү. Азыркы учурда балдардын көбү телефонго үңүлүп, интернеттен көп маалымат алышууда. Ютуб сайтындагы балдарга арналган каналдарга сары эсеп салсак. Like Nastya-64,7 млн катталуучу, Три кота -5млн., Looloo kids- 4 млд. көрүүчү топтогон. Бул роликтер баланын сүйлөө психологиясына түздөн түз таасир тийгизет. Менталитетке туура келген видео роликтерди, мультсериалдарды эне тилибизде тартып, жайылтуу- мезгилге шайкеш келет.

**Жааматтык аң сезим**-7-9 жаштан 14-16 жашка чейин калыптанат. Бул учурда заттарды, өзү жана бөлөктөр тууралуу чындыкты айырмалоо, бөлөктөрдүн оюу менен эсептешүү, коомдун бир бөлүгү экендигин таануу, сыяктуу жаңы сапаттар пайда болот[6]. Ошондуктан коомдук иштерге аралашуусу маанилүү. Бизде маданий иш-чаралар “Манас” айтуу менен башталып жаткандыгы кубандырат. Себеби, “Манас” эпосун угуу айтуучуга жана угуучуга эустресстик эмоционалдык таасир берерин КММАнын окутуучулары тажрыйба жүргүзүү аркылуу аныктап чыгышкан. Тажрыйбага 20 жаштан 59 жашка чейинки ден соолугу жакшы 21 адам катышкан. Алардын 20сы кыргыз улутунан, башка улуттан бирөө, 2 манасчы да кирген. Эксперимент 3 күн удаа кайталанып, “Манас” айтылганганга чейин жана айтылгандан кийин жүргүзүлгөн.

| Топтор | Тажрыйбага чейинки кандагы глюкозанын деңгээли, ммоль/л | Тажрыйбадан кийинки кандагы глюкозанын деңгээли, ммоль/л | Тажрыйбага чейинки кан басымы, жүрөктүн согуусу | Тажрыйбадан кийинки кан басымы, жүрөктүн согуусу |
|---|---|---|---|---|
| Манасчы Дөөлөт Сыдыков | 5 | 5,3 | 125/80<br>88 | 143/87<br>105 |
| А угуучулар тобу | 4 | 5 | 124/80<br>73 | 130/97<br>76 |
| В угуучулар тобу | 5,1 | 5,6 | 127/88<br>62 | 131/94<br>74 |
| С угуучулар Тобу | 4,9 | 5,5 | 118/101<br>62 | 123/103<br>79 |

Жыйынтыгында манасчылардын да, угуучулардын да канында глюкозанын саны, кан басымы, жүрөктүн согуусу да жогорулаган [7]. Эмоционалдык абал адреналиндин жогорулашынан пайда болот. Бул стеникалык мүнөзгө ээ. “Манас” эпосун айтууну жана угуучулардын аудиториясын кеңейтүү аркылуу балага тил үйрөтүүнү улантсак болот.

**Аң сезимдин акыркы калыптануу этабы.** Бул 14-16-жаштан 22-жашка чейин калыптанат. Бул учурда илимий ой жүгүртүүсүнө түрткү болгон жаңы сапаттар пайда болот. Өз алдынча иликтеп, алган билимин анализдей баштайт[8]. Ошол себептен, кыргыз тилин өнүктүрүү үчүн жогоруда келтирилген сунуштарга кошумча маданий жайларга тил баалуулугун, байыркылыгын чагылдырып турган эстеликтерди орнотуу керек. Башка мамлекеттерде эне тилине арналган эстеликтер бар. Алардын кээ бирине токтолсок:





Африканс тилине арналган айкел
Түштүк Африка Республикасы
1975-ж

Орус тилине арналган айкел
Белгород шаары
2007-жыл








«Деда Эна» («Эне тил»)
Грузия, Тбилиси шаары
1978-ж

Эстония Кадрина шаары
Sõna seob" (Сөз байланыштырат).
1994-ж

Борбор калаабыздын маданий мекемелеринин алдына этнопактардын бирине эне тилге арналган эстелик тургузуу. Болжолдуу макети:



**Максаты:**
- **Кыргыз тилинин байыркы тил экенин даңазалоо**
- **Тарыхыбызды унутпоо**
- **Жаштарга маданий тарбия берүү**
- **Шаарыбызга көрк берүү**




## Корутунду

Улуттук баалуулуктарыбызды анын ичинде кыргыз тилин адамдын психологиясына, калыптануу этаптарына байланыштырып үйрөтсөк биз жакшы жыйынтыктарга ээ боло алабыз. Жогоруда келтирилген “Манас” айтуу, “Бешик” ыры, айкелдердин адамга тийгизген таасирлери сыяктуу маселелер КММАнын окутуучулары жана студенттери тарабынан изилденген. Бул изилдөөлөрдүн негизинде кыргыз тилибизди, улуттук баалуулуктарыбыз аркылуу өнүктүрүүнүн жолдорун пайдаланып окутсак жакшы натыйжаларга ээ боло алабыз.

## Колдонулган адабияттар


1. Жмуров, В. А. Психиатрия детско-подросткового возраста: учебник // В. А. Жмуров. - М.: Медицинская книга, 2016.
2. ИБН СИ́НА Абу Али Ху-сейн ибн Аб-дал-лах «Канон врачебной науки» М.,1954
3. Акылбекова А.А. Бешик ырларынын ден-соолукка тийгизген таасири // КММА Жарчысы, №1, 2020
4. Жмуров, В. А. Психиатрия детско-подросткового возраста: учебник / В. А. Жмуров. - М.: Медицинская книга, 2016.
5. Маклаков А.Г. Общая психология — СПб: Питер, 2001 — 592 с: ил — (Серия «Учебник нового века»)
6. Анатомия человека: в 2-х томах/ ред. М. Р. Сапин. - М.: Гэотар-Медиа, 2018
7. Манас айтуу касиетиндеги биохимиялык өзгөрүүлөр// [Текст] //–Вестник Кыргызского государственного медицинского академии им. И.Ахунбаева, Бишкек, 2019, №7.